german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:

giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

# «Кыргызстанда токой экосистемаларын туруктуу жана этияттуу пайдалануу» темасы боюнча балдар үчүн жарыяланган дилбаян жазуу онлайн сынагы

## Сынак жана темасы жөнүндө жалпы маалымат

Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH (Германия эл аралык кызматташтык коому) “Жаңгак-мөмө токойлорду, жайыттарды жергиликтүү жамааттарды катыштыруу менен башкаруу” долбоорунун жана “Борбордук Азияда экономикалык өнүктүрүү үчүн климаттын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен, жерди туруктуу пайдалануу” региондук программасынын алкагында, **Кыргызстандын токой экосистемаларын туруктуу жана этияттуу пайдаланууга** арналган балдар сүрөттөрүнүн онлайн-көргөзмө сынагын жарыялайт.

Кыргызстандын токойлору Борбордук Азияда да, бүткүл дүйнөдө да биологиялык ар түрдүүлүктүн маанилүү бир бөлүгү болуп эсептелет. Анткени бак-дарактардын, өсүмдүктөрдүн көптөгөн сорттору, жаныбарлар илгертеден бери ошол жерди байырлап өсүп-жашап келаткандыктан, курчап турган чөйрөнү коргоонун улуттук жана глобалдык мааниси өтө чоң. Өлкөнүн жергиликтүү калкы турмуш-тиричилик өткөрүүгө каражат табууда токойлордон алган жаратылыш ресурстарына аябай көз каранды.

GIZ ошондуктан улуттук жана жергиликтүү өнөктөштөргө калктын кирешесин арттырууга, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоого жана токой аймактарын көбөйтүүгө көмөктөшүүчү токойлорду туруктуу башкаруу моделин ишке ашырууга жардамдашат.



## Сынактын шарттары

**Сынактын максаты: өспүрүмдөрдү жана жаштарды жаратылышты коргоого жана ошондой эле Кыргызстандын токой экосистемаларын этияттуу пайдаланууга үйрөтүү.**

**Дилбаянда өспүрүмдөр «Биздин токойлорду кантип сактоого болот?» деген теманы кандай түшүнөөрү чагылдырылууга тийиш.**

**Сынак Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептериндеги 15-17 жаштагы окуучулардын арасында өткөрүлөт.**

**Сынактын катышуучулары дилбаяндарын**

**2019-жылдын**

**1 - 30 ноябрына чейин**

**салып жиберүүгө тийиш.**

**Дилбаяндын саны чектелүү: бир автордон – бир дилбаян.**
**Мыкты деп табылган дилбаяндардын авторлору 2019-жылдын декабрь айында сыйлыктар жана сертификаттар менен сыйланышат.**

## Дилбаяндарга коюлган техникалык талаптар:

**Дилбаяндар кыргыз жана орус тилдеринде жазылууга тийиш:**

- A4 форматындагы баракка кара же көк түстөгү калем менен жазылган кол жазмалар кабыл алынат; дилбаяндын көлөмү – 4 барактан ашпоосу керек.
- же болбосо A4 форматындагы баракка терилиши керек. Дилбаяндын текстинин шрифти «Times New Roman», шрифттин көлөмү – 12 болууга тийиш. Дилбаяндын көлөмү 3 барактан ашпоосу керек.

**Дилбаяндарды баалоодо калыстар тобу төмөнкүлөрдү эске алат:**

- сынактын темасынын ачылышы;
- идеянын жана аткаруу техникасынын оригиналдуулугу;
- чыгармачылык мамилеси;
- жазуудагы көркөм чеберчилиги.

**Ар бир дилбаяндын титул барагында так, түшүнүктүү тамгалар менен төмөнкүлөр жазылууга тийиш:**

- дилбаяндын темасынын аталышы;
- автордун аты-жөнү толугу менен, байланыш маалыматтары;
- автордун жаш курагы, классы, мектеби, району.

**Түшүнүксүз кол менен жазылган жана жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтар толук камтылбаган дилбаяндар сынакка катышууга кабыл алынбайт!**

**“Дилбаяндар сынагына” деген белги коюлган дилбаяндардын түп нускасын (оригиналы) 30-ноябрга (30-ноябрды кошо алганда)** чейин төмөнкү дарекке жиберүү керек: 720001, Бишкек шаары, Киев көчөсү 96а, 624-бөлмө (Раззаков көчөсү менен кесилишет, Агропромдун имаратынын чыгыш тарабында, 6-кабат). Ошондой эле дилбаяндарды төмөнкү электрондук почта аркылуу жиберүүгө болот: info@landuse-ca.org. **Белгиленген күндөн (конвертке басылган мөөрдөгү жана электрондук катты жөнөткөн күнү боюнча) кечирээк келген дилбаяндар кабыл алынбайт жана кайра кайтарылбайт.**

Уюштуруучулар келген сүрөттөрдү жалпы тааныштыруу үчүн **«Онлайн-көргөзмө сынагы» (Конкурсная онлайн-выставка)**. Фейсбук баракчасына жайгаштырып турушат. Сынакка келип түшкөн бардык сүрөттөр кайтарылып берилбейт.

**Кошумча маалымат алуу үчүн байланыш телефондору:**
Телефон: +996 770 71 00 23,
e-mail: info@landuse-ca.org.